УДК: 81.37:81.367:811(575.2)(04)

**Кайымова Ф. М.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
*Баткен мамлекеттик университети,*
*М. М. Тайиров атындагы*
**Султан к. А.**, окутуучу
*Кызыл-Кыя гуманитардык -педагогикалык институту*
**Иматилла у. Э.**, магистрант

## «ЛАҢГАР» ТОПОНИМИНИН ЛЕКСИКА-ФОНЕТИКАЛЫК МААНИЛЕРИ

**Кайымова Ф. М.**
кандидат филологических наук, доцент
*Баткенский государственный университет,*
**Султан к. А.**, преподаватель
*Кызыл-Кийский гуманитарно-педагогический*
*институт имени М. М. Тайирова*
**Иматилла у. Э.**, магистрант

## ЛЕКСИКО-ФОНЕТИЧЕСКИЕ ЗНАЧЕНИЯ ТОПОНИМА «ЛАНГАР»

**Kaiymova F. M.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
**Sultan k. A.**, teacher
**Imatilla u. E.**, master's student
*Batken State University,*
*Kyzyl-Kiya Humanitarian Pedagogical Institute*
*named after M. M. Tayirov*

## LEXICO-PHONETIC MEANINGS OF THE TOPONYM "LANGAR"

**Аннотация.** Макалада топонимдердин мааниси баса белгиленет. Баткен облусуна караштуу Кадамжай районундагы «Лангар» топониминин этимологиясына карата лексикалык жана фонетикалык изилдөөлөр аталган этноним боюнча тарыхый, географиялык маалыматтарга таянуу менен жүргүзүлөт.

**Негизги сөздөр**: топоним, ономастика, фонетика, Лангар, этимология, маани, гидроним, айыл, уламыш

**Аннотация.** В статье подчеркивается значение топонимов. Лексико-фонетическое исследование этимологии топонима «Лангар» в Кадамжайском районе Баткенской области проведено на основе историко-географических данных по указанному этнониму.

**Ключевые слова:** топоним, ономастика, фонетика, Лангар, этимология, значение, гидроним, село, легенда.

**Annotation.**The article deals with the importance of toponyms. Lexico-phonetic study of the etymology of the toponym «Langar» in the Kadamjai district of the Batken region was conducted on the basis of historical and geographical data on the specified ethnonym.

**Key words**: toponym, onomastics, phonetics, "Langar", etymology, meaning, hydronym, village, legend.

Топонимиканы жер-суулардын аталыштарынын этимологиясы, алар тууралуу даректүү тарыхый табылгалар, фольклордук материалдар; географиялык, этностук атоолор; археологиялык малыматтар ж.б. боюнча илимий, негиздүү, маанилүү, тарыхый, лексикалык маалыматтарды берүүчү тил илиминин ономастика бөлүмүнүн бир тармагы катары түшүнүүгө болот. Ошондой эле, жер-суулардын аттары байыркы мезгилдерден бери мааниси менен формасы өзгөртүлбөй сакталып, изилденүүчү аймактардагы элдердин тарыхый лексикасын аныктоодо да маанилүү булак катарында кызмат өтөйт.

Белгилүү изилдөөчү В. А. Никонов: «...энчилүү аттар – булар сөздөр, сөздүн кимдер тарабынан берилгенин аныктап турат. Энчилүү жер-суу аттары ошол жерлерге бекитилип калгандыктан, алар аркылуу белгилүү аймактагы байыркы тилди калыбына келтирип, мейкиндиктеги таралуу чек арасын аныктоого болот. Бул аталыштар көпчүлүк тилдерден эрте пайда болгон» [5, 12], – деп айткан.

Баткен чөлкөмүндө да тарыхый, тилдик, географиялык жактан изилдөөгө муктаж болгон топонимдер өтө көп. Мына ушул жер-суу аттарын билүү менен ошол ат баян эткен жердин географиялык түзүлүшүн, ал жерде кайсы тилде сүйлөгөн эл жашагандыгын, ал элдин тилин; дүйнөгө, жаратылышка болгон көз карашын, көркөм ойлоосун, дагы көп нарселерди ачып, сырын чечүүгө жардам берет [1, 7].

Лангар айылы – Баткен облусунун Кадамжай районуна караштуу, Көтөрмө айыл өкмөтүнүн курамына кирген түзүм. Айыл аймагынын «Көтөрмө» аталып калышынын бирден-бир себеби: Чандеки–Тамаша–Кызыл-Булак–Лаңгар айылдарынын айрым суу чыкпаган жерлерине арыкты көтөрүп эгинди, элди суу менен камсыз кылышкан экен. Кылым кезип ал көтөрүлгөн арык азыркы учурда да элге пайдасын тийгизип келет. Кээ бир жерлерине оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлгөнү менен, калган турпаты ошол бойдон сакталып келе жатат. Көтөрмөнүн эли ашар жолу менен топурак, таштарды тургузуп, бийиктиги 3 метрден кээ бир жерлери 10 метрге чейин жеткен суу жүрүүчү арыкты курушкан. Ал эми «Лангар» кыргыз тилинин диссимиляция кубулушуна ылайык «Лаңгар» түрүндө колдонулат, көпчүлүк булактарга таянганда, тажик тилинен кирген сөз. «Кандай гана географиялык ат болбосун, белгилүү бир мааниге ээ. Эч кандай маани бербеген, эч нерсени билдирбеген ат дегеле болбойт», – дейт көрүнүктүү топонимист М. Н. Мельхеев [4, 3]. Анын сыңарындай, «Лангар» топониминин да лексикалык мааниси, этимологиясы, тарыхы ж.б. тууралуу эл ичинде бир нече варианттагы ойлор айтылат. Алардын биринчиси мурда эл жашабаган бул айылдын созулуп жаткан эки тарабы «аңгар» делинип, акырындап «аңгар» сөзү «Лаңгар» деп аталып калган. Айылды «Көк-Таш» деп да атап калган учурлар бар. А бул болсо айылдын ортосунда жайгашкан чоң көк таштын болушу менен байланыштуу. Айылды бойлото дарыя агып өтсө да, шамал катуу болбойт, анткени шамалды, жаан-чачынды ошол көк таш тосуп турат. «Лаңгар» деген аталыштын элдеги дагы бир чечмелениши: бул айылдын жогору жагында эки чоку бар. Илгери, бир канча кылымдар алдың ошол эки чокуну бириктирип, дар салып Мухаммед пайгамбардын балдары биринчи чокудан экинчи чокуга өтүп ойношкон экен, ошондо алардын колунда лаңгар чөп болгон дешет. Анан ошол пайгамбардын балдары ойноп жатып колдору талып кеткенде, лаңгар чөбүн жерди каратып ыргытып жиберишет. Ыргытылган лаңгар чөп ушул айылга түшөт. Ошондон улам «лаңгар чөп түшкөн жер» дешип, бул жер Лаңгар аталып калган делет. Лаңгар чөп, айрым айыл тургундарынын айтымында, «тең салмактуулукту сактоочу» дегенди түшүндүрөт. Эл арасында айылдын аталышын «якорь» сөзү менен байланыштыргандары да болду. Мунун чындыгы болушу да мүмкүн. Анткени айылды бойлоп Кара-Булак суусу агып өтөт. Булактын суусу анча тунук эмес, ошондуктан аны «Кара-Булак» дешет. Кышында суусу тоңбойт, жайын-кышы жылуу турат, 19-кылымдан бери бул булактын болгондугу белгилүү дешет алар. Якорь - (латын тилинде – ancora, грекче – agkyra) кемени ж. б. сүзүүчү каражаттарды токтотуучу жайда кармап турууч тү-зүлүш [2, 97], элде оозеки айтылышына негизделип, «лангар» деп айтылып калган. Демек, айылдын аталышы ушул сууга жана ага келип токтогон кемелерге да алакасы болгондур.

Жогорудагы Кадамжай районунун Көтөрмө айыл аймагындагы Лаңгар айылынын айрым жергиликтүү тургундарынын пикирлерин угуу менен, бул топонимдин этимологиясына кайрылып, анализ жасап көрдүк. Бул атоо, демек, эл арасында, айрым илимий адабияттарда, сөздүк, энциклопедияларда «лангар», «лаңгар», «лянгар» түрүндө кезигип, аталыштын маанисинин айланасында илимий маалыматтарда бир топ пикирлер бар. Окумуштуу, топонимист А. З. Розенфельд бул сөз бир катар индоевропалык тилдерде «якорь» маанисинде колдонулуп, бул сөз бара-бара «отурукташкан», «токтогон», «туруп калган жер» деген түшүнүккө өтүп кеткендигин белгилейт [7, 20] «Лангар" ар кайсы чыгыш элдеринде да бир нече маанилерге ээ. Биринчиси "казык" маанисинде – башкача айтканда, сейилдөөчүнүн төөсү кайсы жерге токтосо,

ошол жерге, "казык таштайт" жана ошол жерге мечит куруу керек деп эсептешкен. Экинчи мааниси: "тең салмактуулук, жип таякчасы" болуп колдонулган, өтмө маанидe "универсалдуу гармония". Кийинирээк, "лангар" ыйык маанидеги "ыйык мечит", "акыркы үмүт", "селсаяктар үчүн баш калкалоочу жай" деген маанилерде колдонулгандыгын байкоого болот. Лангар – чогуу тамактануучу жер, ошондой эле гурудвараларлардагы ашканалардын аталышы же көпчүлүккө бекер таркатылуучу тамак маанисинде да колдонулат [6]. Лангар, тарыхый маалыматтарга ылайык – б.э.ч. 4-кылымда жашап өткөн, байыркы Грециядагы фракиялык агриан кошунунун падышасынын да ысымы. Лангарды «янчар» деген сөз менен байланыштыргандар да аймакта кездешет. Кытайлар соода үчүн Улуу жибек жолуна кошулган ушул айыл аркылуу катташып, эс алышып, жаратылышы жагымдуу бул жерди "эс алуучу жай" деп атап коюшат. Ал эми кытайча эс алуучу жай "янчар" делет. Кийин кыргыз тилине ылайыкташып "Лаңгар" болуп аталып калганын айтышат. Изилдөөлөргө ылайык, кыргыз тилинде мазарларга жакын жайгашкан айылдардын атын да «Лангар» деп аталышын байкадык. Мындай жерлерди ыйык эсептешип, кээде «Лангарата» деп атап коюшат. Өзбекстандагы Катта-Лангар деген айылдын аталышы да мына ушуга (ыйык катары эсептөөгө) байланыштуу болуусу мүмкүн.«Лангар» топоними кыргыз тилинен башка Афганистандын Бадахшан провинциясында (айыл), Өзбекстандын Кашка-Дарыя, Фергана областтарында (айыл), Навои областында, Хатырчин областтарындагы (шаар тибиндеги поселок – Зира-Булак темир жолунан 66 чакырым аралыкта жайгашкан) топонимдер катарында кездешет. Ошондой эле, Тажикстандын Сангвор районундагы Рашт айылындагы жана ушул эле райондун Вахдат, Тавильдара жамааттарында да ушундай аталыштагы кыштактар бар. Кыргызстанда Кара-Суу (Нариман айыл округу), Араван, Кадамжай райондорунда «Лангар» топонимдеринин бар экендиги белгилүү. Ушул эле сөз гидроним катары да эсептелет. т.а., Тажикстандын Согди областында ушундай дарыя бар. "Лангар" же "Лангар дарья" деп аталган дарыя Өзбекстанда да Кашка-Дарыя областына караштуу Камашин районунда кездешет, Кашка дарыянын сол жак куймасы. Бирок азыркы күндө соолуп калган. Ушундайча «лянгар» топоними таралган аймактарда да түрдүүчө маанилерде колдонулгандыгын байкоого болот. Бирок «лаңгар чөп» тууралуу так маалымат таба алган жокпуз.

Жогорудагы изилдөө-чечмелөөлөрдөн көрүнгөндөй, Кадамжай районуна караштуу «Лаңгар» топониминин этимологиясы, тарыхы тууралуу анык маалымат айтуу кыйын. Мүмкүн, «аңгар» сөзүнөн келип чыгышы туурадыр. Балким, «якорь» буга туура келеттир, анткени бул сөз өтмө маанисинде алгач аңгар түрүндө жаткан жерге калктын отурукташып, конуп калуусун туюндуруусу ыктымал; ошондой эле ыйык чөптүн аталышынан улам болушу да мүмкүн. Кантсе да, бул атоонун айылдын гидронимдик (айылдагы дарыя, чоң суунун болушу) географиялык шарты жана отурукташуу түшүнүгү менен байланыштуу экендиги байкалып турат. Дагы баса белгилей турчу жагдай, бул айылдын ушинтип аталып калышын «лаңгар» топоними, гидроними салыштырмалуу Тажикстанда көп кездешкендиги жана Кадамжай районунун да бул аймакка жакын жайгашкандыгы менен, бул атоонун тажик тилинен кабыл алынган сөз болушу мүмкүн экендиги менен түшүндүрүүгө болот. Сөздүн фонетикалык курулушу да кыргыз тилинин төл сөздөрүнүн тыбыштык курулушуна, фонетикалык мыйзамдарына туура келбейт. Айыл элинин башчыларынын, өмүр бою айылда жашаган жергиликтүү тургундардын көпчүлүгүнүн пикирин эске алуу менен «Көк-Таш» деп атоо айылдын географиялык жагдайына, жаратылышына; кыргыз тилинин фонетикалык, лексикалык жана орфографиялык мыйзам ченемдерине, кала берсе, атуулдук ариетине да ылайык келмек.

**Адабияттар:**


1. Абдиев А. Кадамжай районундагы жер-суу аттарынын чечмелениши. – Ош, 2019. 40 б.
2. «Кыргызстан». Улуттук энциклопедия: 7-том / Башкы ред. Ү. А. Асанов, .Б.: «Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясы, 2015. - 832 б.
3. Кыргыз Совет Энциклопедиясы. Башкы редактор Б. О. Орузбаева. -Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1980. Т. 6. Тоо климаты - Яшма. -656 б.
4. Мельхеев М. Н. Географические имена. Топонимический словарь. – М., 1961. 99 ст.
5. Никонов В.А. Ввеление в топонимику. – М., 2011, 184 ст.
6. Обитель бога на земле// https://dolorestravel.com/ru/blog/news-langar. – 06.09.2019
7. Розенфельд А. З. Ванджские говоры таджикского языка. – Л., 1964., 99ст.